**“Ааламдашуу процессинде өз ара кызматташуунун актуалдуу көйгөлөрү: педагогдор – студенттер – ата-энелер”** аттуу темада тегерек столдун отурумунун

# ПРОТОКОЛУ

2025-жылдын 21-фывралы

**Төрагалык кылуучу:** “Педагогика жана Колдонмо информатика” кафедарсынын башчысы, п.и.к., кфедра доценти **Машанова А.С.**

**Катчы:** “Педагогика жана Колдонмо информатика” кафедарсынын ага окутуучусу **Сарыбаева С.А.**

**Катышуучулар:**

“Педагогика жана Колдонмо информатика” кафедарсынын башчысы, программанын жетекчиси п.и.к., кафедра доценти Машанова А.С. Кафедра мүчөлөрү: Джаркимбаева Ч.Т., Камбаралиев Ү.Ж., Сарыбаева С.А., Исакова Ж.Ж., Сейдекулова К.С., Зулпуева К.А.

**Чакырылган коноктор:**

1. Мамытов А.М., п.и.д., профессор. Кыргыз билим берүү академиясынын президенти.
2. Асипова Н.А., п.и.д., профессор. Ж.Баласагын атындагы улуттук университеттнин “Педагогиканын жогорку
3. Калдыбаева А.Т., п.и.д., профессор. И.Арабаев атындагы Мамлекеттик университетинин “Педагогика” кафедрасынын профессору.
4. Жанузаков К.Ч., п.и.к., профессор. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Спорт илимдери факультетинин деканы.

**Иш берүүчүлөр:**

1. Касымалиев М.Ү., п.и.к., доцент. Онлайн мектеп долбоорунун жетекчиси.
2. Джаманбаева К.Дж., Дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернатынын директору
3. Айтпаева К.А, Т.Т.Жайылов атындагы № 106 орто жалпы билим берүүчү мектебинин директору.
4. Кадырова Г.Т., Т.Касымбеков атындагы № 99 орто жалпы билим берүүчү мектебинин директору.

**Студенттер:** Педагогика жана колдонмо информатика багытында окуп жаткан 1, 2, 3, 4-курстун студенттери.

**Ата-энелер:**

1. Садирова Саадаткан Орозалиевна
2. Барпиева Айзада Абдираимова

**Күн тартиби:**

1. 550700 "Педагогика" багыты боюнча Негизги билим берүү программасынын мазмуну. (башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы профили боюнча)

Тегерек стол отурумун Эл аралык Кувейт университетинин ректору, п.и.д., профессор **А.Э.Байсеркеев** ачты. Өз сөзүндө ал белгилегендей, бул иш-чара 550700 Педагогика жана 710300 Колдонмо информатика багыттары боюнча бакалавриаттын негизги билим берүү программасынын (ООП) мазмунун ички жана тышкы кызыкдар тараптардын катышуусунда талкуулоого арналганын айтты.

Андан соң окуу иштери жана илим боюнча проректор **А.Д. Ибраев** сөз сүйлөп, негизги билим берүү программасынын мазмунун калыптандыруу үчүн иш берүүчүлөрдүн пикири маанилүү экендигин, алар билим берүү ишинин сапатын жакшыртуу, бүтүрүүчүлөрдүн негизги жана кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү үчүн иш программаларынын мазмунуна белгилүү сунуштарды киргизе ала тургандыгын баса белгиледи.

Андан кийин "Гуманитардык жана табыгий дисциплиналар" факультетинин деканы **А.К. Исмаилов** сөзгө чыкты: Өз сөзүндө, өтүлүп жаткан отурум "Педагогика" адистиги боюнча университеттин окуу методикалык маселелери боюнча практикалык сунуштарын жана жыйынтыктарын ишке ашыруу болуп эсептелинеерин айтты.

Иш-чаранын жүрүшүн улап, "Педагогика жана Колдонмо информатика" кафедарсынын башчысы, п.и.к., кфедра доценти **А.С. Машанова** сөз сүйлөдү.

Ал белгилегендей, педагогика жана прикладдык информатика кафедрасынын социалдык өнөктөштөрү билим берүү мекемелери болуп саналат. Биздин өлкөнүн ичиндеги жана чет мамлекеттердеги тиешелүү уюмдар тарабынан бүтүрүүчүлөрүбүзгө болгон кызыгуу боюнча учурдагы кырдаалды талдоо процессинде кафедранын кызматкерлери төмөнкүдөй формулировкаланышы мүмкүн болгон айрым жагдайларга көңүл буруу зарыл деген тыянакка келишкен.

1. Биздин бүтүрүүчүнүн даярдыгы болжолдуу кандай болот деп ойлойсуз?
2. Эгерде, биздин бүтүрүүчүбүз сиздердин мекемеге жумушка орношсо, анын билими, жөндөмү жана көндөмдөрү, адептүүлүгү сиздердин мекеменин талаптарына жооп береби?
3. Сиздин оюңузча биздин бүтүрүүчү жетиштүү профессионалдык жана илимий даярдыктан өткөнбү?
4. Окутуу учурунда эмнеге көбүрөөк көңүл буруу керек деп ойлойсуз, теориягабы же практикагабы?

5. Педагогика багыты боюнча негизги билим берүү программасынын мазмунун жакшыртуу боюнча “Педагогика жана Прикладдык информатика” кафедрасына эмнени сунуштайт элеңиз? – деген суроо коюлду

**Сөзгө чыгышты:**

**Мамытов А.М., п.и.д., профессор.** Кыргыз билим берүү академиясынын илимий кызматкери өз сөзүндө, дүйнө өзгөрүүдө, планетанын калкынын саны өсүүдө, санариптик маалымат жана технологиялардын жеткиликтүүлүгү кеңейүүдө, экономика индустриялык доордон санариптик доорго өтүүдө. Дүйнөлүк коомчулукта билимдин, маданияттын, ден соолуктун жана убакыттын баалуулуктары барган сайын өсүп жатат. Кыргызстанда 12 жылдык мектепте билим берүүнү киргизүү боюнча позициямды айтууга уруксат этиңиздер. 12 жылдык мектепке өтүү маселеси Кыргызстан үчүн жаңылык эмес. 12 жылдык билим берүү системасынын негизги максаты – “Билим берүүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, атаандаштыкка жөндөмдүү, алдыңкы өлкөлөрдүн катарына кошулуу, жаңы улуттук билим берүү системасын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо, калктын тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө ийгиликке жетишүүнү камсыз кылган билимге болгон муктаждыгын канааттандыруу, келечек муундун арасында активдүү жарандык позицияны калыптандыруу, патриоттуулукка, патриоттуулукка тарбиялоо” деп өз сөзун жыйынтыктады.

**Асипова Н.А., п.и.д., профессор.** Ж.Баласагын атындагы улуттук университеттнин “Педагогиканын жогорку мектеби” кафедрасынын прфессору сөзгө чыгып, өз сөзүндө ал төмөнкүлөрдү баса белгиледи.

Педагогика илиминин логикалык структурасынын эң маанилүү компоненттеринин бири болгон теория, айрыкча анын илимий статусуна, ага коюлган талаптарга, ошондой эле теория менен практиканын өз ара байланышына келгенде көптөгөн изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурат. “Педагогикалык илимдин система түзүүчү элементи катары педагогикалык теорияга педагог-изилдөөчүлөр мүмкүн болушунча кылдат жана урматтоо менен мамиле кылышат”-деп эсептейт.

**Калдыбаева А.Т., п.и.д., профессор**. И.Арабаев атындагы Мамлекеттик университетинин “Педагогика” кафедрасынын профессору сөзгө чыгып, өз сөзүндө, “Дүйнөлүк ааламдашуу процессинде өз элинин ар тараптуу өнүккөн, терең сиңирген руханий, адеп-ахлак жана маданий баалуулуктарын сактоо, эне - тилин негизги олуттуулук катары аздектеп, билимдүү, жоопкерчиликтүү, дени сак, мекенчил, татыктуу инсанды калыптандыруу, билим берүү системасынын актуалдуу көйгөйү. Кыргыздын каада-салттары, элдик өнөр жана үрп-адаттар – ар бир коомдун жашоосунда чоң мааниге ээ. Улуттук

өзгөчөлүктөрү сактоо, ар бир адамды коомго жана өз элине кызмат кылууга чакырат. Каада-салттар аркылуу адамдар өз маданиятына, тилине, жана динине болгон урматын көрсөтүп, моралдык негиздери бекемделет" – деп, баса белгиледи.

**Жанузаков К.Ч., п.и.к., профессор.** Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Спорт илимдери факультетинин деканы өз сөзүндө буларга токтолду:

Билим берүүдө "Дене-тарбия" окуу планынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ал адамдын инсандыгын калыптандырууга жардам берет жана анын ажырагыс өнүгүүсүнө салым кошот. Тактап айтканда, жалпы ден соолукту чыңдоого, туура позаны калыптандырууга, акыл-эс жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга жардам берет. Спорттун ар бир түрү математика жана физикаын негизин түзөт. ден соолукту чыңдоо, кыймыл-аракеттин нормалдуу өнүгүшүнө көмөктөшүү, дене тарбия жаатында зарыл болгон билимдерге үйрөтүү. Спорт баланын гармониялуу өнүгүшүнө жардам берип, нерв системасын, иммунитетти чыңдап, жалпы организмдин ден соолугуна оң таасирин тийгизээрин баса белгиледи.

**Иш берүүчүлөр:**

**Касымалиев М.Ү., п.и.к., доцент.** Онлайн мектеп долбоорунун жетекчиси төмөнкүлөргө токтолуп, билим берүүдөгү жасалма интеллекттин оң жана терс жактарын салмактуу карап чыгуу керек. Студенттер үчүн туура тандоо жасоо үчүн тең салмактуу карап чыгуу ааламдашуу замандын талабы. Жасалма интеллекттин терс жактарынан ашып түшкөн пайдасы көп. Себеби, жасалма интеллект алгоритмдери ар түрдүү тармактарда колдонулушу мүмкүн. Ал эми академиялык көрсөткүчтөрдү жогорулатуу үчүн жасалма интеллектти колдонуунун кээ бир көйгөйлөрүн же терс жактарын токтолуп, терс жактарын болтурбоо үчүн кандай чечимдерди кабыл алуу керектигин жакшыраак түшүнүүгө жардам берерин баса белгиледи.

**Джаманбаева К.Дж.,** Дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернатынын директору өз сөзүндө буларга токтолду:

Бирдиктүү профилдик мейкиндикти уюштуруу жана маалыматтык - түшүндүрүү иштери аркылуу таланттуу жаштарды мектепке тартуу, айрыкча мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттарына жумушка тартуу иш берүүчүлөрдүн негизги максаты экендигин баса белгиледи.

**Айтпаева К.А,** Т.Т.Жайылов атындагы № 106 орто жалпы билим берүүчү мектебинин директору буларга токтолуп, проблеманы мектеп деңгээлинде изилдөө, пенсия курагындагы мугалимдердин кетүүсүнө жана жаш адистердин келишине мониторинг жүргүзүү, мугалимдик кесипти

тандаган бүтүрүүчүлөрдүн санына мониторинг жүргүзүү керектигин баса белгиледи.

**Кадырова Г.Т.,** Т.Касымбеков атындагы № 99 орто жалпы билим берүүчү мектебинин директору буларга токтолду:

Жалпы орто билим берүү мекемелериндеги жогорку класстын окуучуларын эрте профилдештирүү, бүтүрүүчүлөрдү педагогикалык кесипке багыттоо керек, мектептеги бош кызмат орундарына педагогикалык кадрларды тандоонун жана даярдоонун системалуу саясаты, жаш адистерди колдоо системасы иштөө керек. Мектепке жаш адистерди тартуу боюнча максаттуу иштерди жүргүзүп жаткан жана мектепке жаш адистерди тартуу жана кармап калуу боюнча өз системасын иштеп чыккан билим берүү мекемелеринин жетекчилерин стимулдаштыруу мектепке жаш мугалимдерди тартуу маселесин чечүүгө жардам берээрин баса белгиледи.

Ички кызыкдар тараптар катары ата-энелер жана 2-3-курстун студенттери мектептин тажрыйбасынан педагогикада теория менен практиканын өз ара аракеттенүүсүнүн көйгөйлөрүн жана ааламдашуу шартында жаш муундарды тарбиялоодо руханий-этиканын, каада-салттын ролунун маанисин баяндамалары менен сөзгө чыгышты.

**Ата-энелер:**

**Хидирова Ч.Х.,** өз сөзүндө “Окуу жайдын кызматкерлерине, окутууучуларын терең ыраазычылык билдирем. Практикалык тажрыйбаңыздар, кесипкөйлүгүңүздөр жана жан аябас эмгегиңиздер мекендин, шаардын, өлкөнүн кызыкчылыктарына кызмат кылууну улантууда. Конкреттүү актуалдуу маселелерди чечүү үчүн ушундай иш-чара уюштуруп, активдештирип, кызыкдар мекемелердин, мамлекттик жетекчилердин, ата-энелердин, жалпы орто билим берүү мекемелеринин жетекчилерин жолугушуусун уюштуруп жатасыздар. Бакалавриаттын негизги билим берүү программасынын (ООП) мазмунун ички жана тышкы кызыкдар тараптардын катышуусунда талкуулоо өз жемишин берет” – деп сөзүн аяктады.

**Садирова С.О.,** өз сөзүндө буларга токтолду: “Ата-энелер жана мугалимдер жаш муундарга руханий тарбия жана каада-салттарды үйрөтүүдө башкы ролду ойнойт. Ушундай иш-чараларга чакырып туруңуздар. Сиздерге чоң рахмат, биздин балдарга татыктуу билим, тарбия берип жатасыздар” – деп сөзүн аяктады.

**Барпиева А.А.,** өз сөзүндө Эл аралык Кувейт университетинин педагогика багытындагы профессордук –окутуучу курамдын жогорку деңгээлде билим жана тарбия берип жаткандыгы үчүн ыраазычылык билдирди.

ЭКУнун Пед(б)-1-23 группасынын студенти **Эсенбаева Мадина**: Педагогика жана прикладдык информатика кафедрасынын билим сапатына канааттангандыгын белгиледи.

ЭКУнун Пед(б)-1-23 группасынын студенти **Алтынбке кызы Аяна** өз сөзүндө: "Педагогика", "Психология", "Дисциплиналарды окутуунун методикасы" аттуу предметтер, ал үчүн өзгөчө маанилүү экендигин баса белгиледи.

## ТЕГЕРЕК СТОЛДУН ТОКТОМУ

550700 Педагогика (башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы профили) жана 710300 Колдонмо информатика багыттары боюнча негизги билим берүү программасын түзүү.

1- **Максат:** Педагогика жана кесиптик байланыш боюнча билим менен камсыз кылуу;

2- **Максат:** Педагогикалык чеберчиликти өздөштүрүүнүү, үзгүлтүксүз изилдөө, байкоо жүргүзүү, тажрыйбаны изилдөө, талдоо жана тыянак чыгаруу.

3- **Максат:** Бүтүрүүчүдө маданий-адеп-ахлактык баалуулуктарды, кесиптик-этикалык жоопкерчиликти, креативдүү ой жүгүртүү, өзүн-өзү ишке ашыруу, өзүн-өзү тарбиялоо көндүмдөрүн калыптандыруу.

### Окуунун натыйжалары

1. Мугалим баланын көйгөйлөрүн талкуулаганды билиши керек жана окуучунун кызыкчылыгын эске алуу менен чечим кабыл алышы керек.
2. Заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен маалыматтарды иштеп чыгуу, талдоо жана чечмелөө жөндөмдүүлүгүнүн жогорку деңгээли.
3. Чыгармачыл ой жүгүртүү, өзүн-өзү өркүндөтүү, кесиптик жоопкерчилик көндүмдөрүн калыптандыруу.
4. Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы программасын ишке ашыруу боюнча ишти түзө билүү жөндөмүн калыптандыруу.
5. Командада иштей билүүсү (эл аралык, көп маданияттуу ж.б.у.с).
6. Социалдык адаптация көндүмдөрүн калыптандыруу

**Отурумдун төрагалык кылуучусу:** **п.и.к.,"П жана ПИ" каферасынын башчысы Машанова А.С.**

**Отурумдун катчысы:** **"П жана ПИ" каферасынын ага окутуучусу Сарыбаева С.А.**

**ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА ЖАНА КОЛДОНМО ИФОРМАТИКА КАФЕДРАСЫ**

**“ААЛАМДАШУУ ПРОЦЕССИНДЕ ӨЗ АРА КЫЗМАТТАШУУНУН АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЛӨРҮ: ПЕДАГОГДОР – СТУДЕНТТЕР – АТА-ЭНЕЛЕР”**

**аттуу темада өтүлүүчү тегерек столдун**

# ПРОГРАММАСЫ

**Уюштуруучулар:** Эл аралык Кувейт университети «Педагогика жана Колдонмо информатика» кафедрасы

**Өтүлүүчү жайы / дареги:** Бишкек ш., Э.Ибраев көчөсү - 6а, Эл аралык Кувейт университети. “Катар” жыйындар залы.

**Өтүү убакыты:** 21-февраль 2025 г. в 10:00 ч.

**Модератор:** кафедра доценти, п.и.к. Машанова Айнур Сапарбаевна

**Куттуктоо сөзү:** 3-5 мүнөттөн

**Баяндоо убакытылары:** 5 мүнөттөн

**Баяндаманы талкулоо:** 15 мүнөттөн

**Тегерек столдун максаты:** “Педагогика жана Колдонмо информатика” багыттары боюнча бакалавриаттын негизги билим берүү программасынын (ООП) мазмунун ички жана тышкы кызыкдар тараптардын катышуусунда талкуулоого арналат. Ошондой эле мектептин тажрыйбасынан педагогикада теория менен практиканын өз ара аракеттенүүсүнүн көйгөйлөрүн жана ааламдашуу шартында жаш муундарды тарбиялоодо руханий-этиканын, каада-салттын ролунун маанисин талкуулоо.

**Тегерек столдун милдети:** Конкреттүү актуалдуу маселелерди чечүү үчүн катышуучуларды уюштуруу жана активдештирүү болуп саналат. Окутуудагы жана тарбиялоодогу көйгөйлөрдү талкуулоого кызыкдар мекемелердин, мамлекттик жетекчилердин, ата-энелердин, жалпы орто билим берүү мекемелеринин жетекчилерин жолугушуусун уюштуруу. Ал эми чакырылган конокторубуздун ичинде педагогика илимдеринин докторлору, кандидаттары, профессор, доценттери “Педагогика” адистиги боюнча университеттин окуу методикалык маселелери боюнча практикалык сунуштарын жана жыйынтыктарын ишке ашыруу болуп эсептелинет.

| Баяндоо убакыты | ИШ ЧАРА |
|---|---|
| **09:30-10:00** | ***Катышуучуларды каттоо:*** |
| **10:00-10:05** | Модератoратордун тегерек столдун катышуучулары менен тааныштыруу сөзү |
| **10:05-10:10** | ***Куттуктоо сөз:***<br>Эл аралык Кувейт университетинин ректору, п.и.д., профессор **Байсеркеев Аскарбек Эсенович** |
| **10:10-10:15** | Эл аралык Кувейт университетинин окуу иштери жана илим боюнча проректору, п.и.к., доцент **Ибраев Алмазбек Дуйшокович** |
| **10: 15-10:20** | Эл аралык Кувейт университетинин “Гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин деканы, ю.и.к., профессор **Исмаилов Аскарбек Кожомбекович** |
| **10:20-10:25** | Модератордун иш-чаранын негизги максаты жана милдети боюнча кыскача маалыматы. |
| **I бөлүм<br>«Педагогикада теория менен практиканын өз ара аракеттенүүсү (мектептин тажрыйбасынан)** | |
| **10:30-10:35** | **Эсенбаева Мадина** Пед(б)-1-23 группасынын студенти |
| **10:35-10:50** | *Баяндаманы талкуулоо.* **Чакырылган конокторго сөз** |
| **II бөлүм<br>«Ааламдашуу шартында жаш муундарды тарбиялоодо руханий-этиканын, каада-салттын ролу»** | |
| **10:50-10:55** | **Алтынбке кызы Аяна** Пед(б)-1-23 группасынын студенти |
| **10:55-11:10** | *Баяндаманы талкуулоо.* **Чакырылган конокторго сөз** |
| **III бөлүм<br>“Программалоодо жасалма интелекти колдонуу”** | |
| **11.10-11.15** | **Алмаз кызы Жибек** ПИ(б)-1-23 группасынын студенти |
| **11:20-11:30** | *Баяндаманы талкуулоо.* **Чакырылган конокторго сөз** |
| **11:30-11:40** | **Иш берүүчүлөргө сөз, ата-энелерге сөз** |
| **11:40-11:50** | **Тегерек столдун катышуучуларынын сунуштарын угуу.** |
| **11:50-12:00** | **Жыйынтык чыгаруу. Резолюция кабыл алуу** |
| **12:00** | *Кофе-брейк* |

## ТЕГЕРЕК СТОЛГО ЧАКЫРЫЛГАН КОНОКТОР:

| № | Ф.И.О. | УЮМ, МЕКЕМЕ. |
|---|---|---|
| 1. | Мамытов Абакир Мамытович | п.и.д., профессор. Кыргыз билим берүү академиясынын президенти. |
| 2. | Асипова Нурбүбү Асаналиевна | п.и.д., профессор. Ж.Баласагын атындагы улуттук университеттнин "Педагогиканын жогорку мектеби» кафедрасынын профессору |
| 3. | Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна | п.и.д., профессор. И.Арабаев атындагы Мамлекеттик университетинин "Педагогика" кафедрасынын профессору. |
| 4. | Жанузаков Канат Чыныбаевич | п.и.к., профессор. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Спорт илимдери факультетинин деканы. |
| 5. | Калдыбаев Салидин Кадыркулович | п.и.д., профессор. Эл аралык "Ала-Тоо" университетинин илим боюнча проректору. |
| 6. | Касымалиев Муратбек Үсөнакунович | п.и.к., доцент. Онлайн мектеп долбоорунун жетекчиси. |
| 7. | Джаманбаева Каныкей Джузумалиевна | Дүлөй балдар үчүн агайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернатынын директору. |
| 8. | Айтпаева Клара Айтымбетовна | Т.Т.Жайылов атындагы № 106 орто жалпы билим берүүчү мектебинин директору. |
| 9. | Кадырова Гулмира Тургуновна | Т.Касымбеков атындагы № 99 орто жалпы билим берүүчү мектебинин директору. |

**Саламатсыздарбы урматтуу профессордук-окутуучу курам, чакырылган конокторт, ата-энелер, студенттер.**

Бүгүнкү өтүп жаткан иш-чарабыздын негизги максатынын бири, акыркы жылдарда жаш-муундардын “Этика, улуттук каада-салт, руханий байлык” – деген түшүнүктөрдөн алыс болуп жаткандыгы мамлекеттин маанилүү көйгөйү. Андыктан **“Ааламдашуу процессинде өз ара кызматташуунун актуалдуу көйгөлөрү: педагогдор – студенттер – ата-энелер”**-аттуу тегерек столубуздун жүрүшүндө **“Ааламдашуу шартында жаш муундарды тарбиялоодо руханий этиканын жана каада-салттын ролу”** – аттуу тар темада баяндама берүүгө уруксат этиңиздер.

Ааламдашуу процессинин Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагына тийгизген таасирин, билим берүү структурасындагы олуттуу өзгөрүүлөрдүн, баалуулуктардын, маданий багытын, өлкөнүн жаш муундарынын адеп - ахлактык парадигмаларынын өзгөрүшүнө натыйжалуу механизмдерин аныктоо боюнча иштерди активдештирүүгө салым кошуу максатында, урматтуу педагогика илимдеринин докторлору, илимдин кандидаттары, иш берүүчү мектептердин директорлору, ата-энелер сиздерди чакырып, сиздердин ой-пикирлериңиздерди угуп, сунуштарыңыздарды кабыл алууга даярбыз.

Себеби, ааламдашуу процесси мамлекетибиздин билим берүү тутумундагы ордун жана илимдин ролун аныктоодо руханий-этиканын негиздерин, кесиптик жана этикалык тарбиянын маанисин талкуулап, келечектеги билим берүүнүн көйгөйлөрүн, улуттук маданиятын, мурастарын, салттарын жана кыргыз менталитетин даңазалоодо сиздердин ой-пикирлериңиздерге, тарбиялык акыл-насааттарыңыздарга бүгүнкү күндүн жаштары абдан муктаж.

Биздин окуу жайдын педагогика багытындагы профессордук –окутуучу курам жогорку деңгээлде сабак өтүшүп, «Кыргыз Республикасы суверендүү светтик мамлекет катары демократиянын принциптерине негизделген коомду курууда, өзүнүн өнүгүү жолунда олуттуу социалдык-экономикалык кыйынчылыктарды башынан өткөргөнүн айтышат. Динамикалуу өнүгүп жаткан ааламдашуу мезгилинде коомдогу он өзгөрүүлөр менен катар адеп-ахлак, аң-сезим, руханий дүйнө, адамдардын жүрүм-турумунда терс көрүнүштөр байкалганын айтып, түшүндүрүшөт.

Нарктык багыттардын өзгөрүшү элдин салттуу баалуулуктарынын маанилүүлүгүн, муундан-муунга кылдаттык менен өтүп келе жаткан мурасты сактоо жана өнүктүрүүнү талап кылышат.

“Дүйнөлүк ааламдашуу процессинде өз элинин ар тараптуу өнүккөн, терең сиңирген руханий, адеп-ахлак жана маданий баалуулуктарын сактоо, эне тилин негизги олуттуулук катары аздектеп, билимдүү, жоопкерчиликтүү, дени сак, мекенчил, татыктуу инсанды калыптандыруу, билим берүү системасынын актуалдуу көйгөйү” - деп эсептешет.

Окутуучулар тарабынан берилип жаткан мындай тарбиялык араекттерди түшүнүү менен туура кабыл алуу биздин милдетибиз.

Демек, кыргыздын каада-салттары, элдик өнөр жана үрп-адаттар – ар бир коомдун жашоосунда чоң мааниге ээ. Улуттук өзгөчөлүктөрү сактоо, ар бир адамды коомго жана өз элине кызмат кылууга чакырат. Каада-салттар аркылуу адамдар өз маданиятына, тилине, жана динине болгон урматын көрсөтүп, моралдык негиздери бекемделет.

Руханий этика адамдын жүрүм-турумунун туура болушун камсыз кылат, ал эми каада-салттар улуттук жана маданий баалуулуктарды сактап калууга өбөлгө түзөт. Ааламдашуунун шартында ар бир адамда өз маданиятына сый-урмат жана өз элине берилгендик сезими болушу керек.

Урматтуу чакырылган коноктор, педагогика багытынын илимий ишмерлери, биздин максат – жеке адамдын эле эмес коомдун рухий турмушунун негизги көйгөйлөрүн, заманбап Кыргызстандын руханий маданиятын өнүктүрүүнүн маанилүү багыттарын, жаш муундарды тарбиялоодогу кетирип жаткан катачылыктар, уй-бүлөдөгү тарбия маселеси, көйгөйлөрүн ар тараптуу талкуулоо, анализдөө, изилдөө болуп саналат.

1. Ата-энелер жана мугалимдер жаш муундарга руханий тарбия жана каада-салттарды үйрөтүүдө кандай башкы ролду ойношу керек?
2. Билим берүү системасы жалпы адамзаттык этикалык жана руханий принциптерди мектептерде жана жогорку окуу жайларында өзгөчө көңүл буруусу керекпи, ал кандай форматта берилиши керек?
3. Руханий тарбия берүү аркылуу жаш муундардын интелекти өнүгөбү? -

деген суроолор акыл токтотуп кылган иш-аракеттерине маани, баа берип калган студенттерди да, ар кандай шарттарда өзүнүн кесиптик милдеттерин системалуу жана натыйжалуу аткарууга жөндөмдүү профессионал педагогдорду да, үй-бүлөдө өздөрүнүн жоопкерчилигин терең түшүнгөн ата-энелерди да, бүгүнкү ааламдашуу процессинде, коомубуздагы жаш муундардын терс мүнөздөрү, тартипсиздиги, кээ бир учурлардагы мыкаачылыктары, орой мамилеси жана психикалык жактан адекватсыз көрүнүштөрү аябай тынчсыздандырат. Ошол эле учурда ата-бабаларыбыздан бери келе жаткан кыргыздын каада-салты, үрп-адаты, руханий байлыгы, адептүүтүгү жөнүндө түшүнүктөр учурдун жаш-муундарында жокко эсе.

Урматтуу бүгүнкү биздин тегерек столубузга чакырылган педагогика илимдерини докторлору, кандидаттары, сиздердин жооп, сунуш жана эскертүүлөрүңүздөрдү дыкаттык менен угуп, эске алабыз.

Бүгүнкү иш-чараны уюштурган Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын прфессордук-окутуучу курамына студенттердин атынан терең ыраазычылык билдирем.

**Көңүл бургандарыңызга чоң рахмат**

**Саламатсыздарбы урматтуу профессордук-окутуучу курам, чакырылган конoктор, ата-энелер, студенттер.**

**«Педагогикада теория менен практиканын өз ара аракеттенүүсү" аттуу теманы тар форматта баяндап берүүгө уруксат этиңиздер. (мектептин тажрыйбасынан)**

Педагогика- бул билим берүү менен бирге тарбиялоо искусствосу жана чыгармачылык ишмердүүлүк жөнүндөгү илим. Педагогика илим катары билим берүүнүн маңызын, анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн, тенденцияларын, өнүгүү перспективаларын, билим берүүнүн технологиясын, мазмунун, формаларын, ыкмаларын, принциптерин изилдейт.

Педагогиканы теориялык билим алуу аркылуу үйрөнүү мүмкүн эмес болгондуктан, педагогдор практиакалык өз ара аракеттенүү менен өз тажрыйбасында тарбиялоо өнөрүн өздөштүрүүсү зарыл, ошол эле учурда мугалимдин инсандык сапаттары, жан дүйнө касиеттери, баарлашуу тажрыйбасын камтыган ички өбөлгөлөр маанилүү.

**Мугалим менен <u>окуучулардын</u>, <u>окутуучулар</u> менен студенттердин** сабакта жана андан тышкаркы биргелешкен ишмердигине негизделген педагогикалык өз ара аракеттенүү биргелешкен жамааттык ишмердүүлүктү уюштурууда олуттуу мааниге ээ.

Канткен күндө да, адам баласын турмуш гана тарбиялайт, бирок ошол эле учурда билимге сүңгүп киргенде гана, тарбия процесси ошончолук динамикалуу жана толук кандуу болот. Жер бетиндеги тиричилик, анын ичинде жандуу жана жансыз жаратылыш белгилүү физикалык мыйзамдарга ылайык өнүгүп, биздин аң-сезимибизге көз каранды эмес экенин баарыбыз билебиз.

Тартылуу мыйзамын негиздеген Исаак Ньютон эмес, ал аны жөн гана ачкандыгын эстен чыгарбашыбыз керек. Бул мыйзам башка мыйзамдар сыяктуу эле болгон жана боло берет: себеби, жаратылыштагы суунун айлануусу, мезгилдердин алмашуусу жана башка көптөгөн жаратылыш мыйзамдарына, жер үстүндөгүлөрдүн жашоосу баш ийет.

Ал эми адам жөнүндө эмне айтууга болот?

Чынында эле адамдын өнүгүшү да, анын тарбияланышы да белгилүү бир мыйзамдарга баш ийет, болгону алар бир аз башкача мүнөздө, социалдык, тагыраак айтканда, моралдык мүнөздө болот. Сөздүн толук маанисине басым жасай турган болсок, ушул мыйзамдарды сактоо жана аларды бузбоо менен гана Адамды тарбиялоого болот.

Фактылардын идеалдуу түрдө байланышы, практиканын натыйжалуу жагы билим берүү сыяктуу практикалык маселеде теория болот. Мындай теорияга каршы күрөшүү дегеле ойго каршы күрөшүү дегенди билдирбейт; бирок педагог кандай болгон күндө да ой-сезимдердин казынасы эмеспи.

Мугалим, багбан сыяктуу эле, кандай шарттар өсүмдүктүн өсүүгө жана жемиш берүүгө өбөлгө болорун, кандай шарттар зыяндуу жана өлүмгө алып келерин так жана даана түшүнүшү керек. Демек, бул мыйзамдарды билүү менен эле "педагогдорго каалаган натыйжаны, жогорку адептүү, билимдүү инсанды берет дегенди билдиреби?" – деген суроо туулат.

Урматтуу бүгүнкү биздин тегерек столубузга чакырылган педагогика илимдерини докторлору, кандидаттары, сиздерге "Педагогикада теория менен практиканын ортосундагы байланышты мүнөздөгөн суроолорубузга жооп алабыз деген үмүттөбүз. Себеби, биз, билим алып жаткан жаштар, педагогика боюнча адабияттарды изилдегенибизде, педагог окумуштуулар менен практик-педагогдордун ортосунда көптөн бери келе жаткан, "педагогика деген эмне-илимби же искусствобу?" – деген талаштуу көз караштар бар экенин билдик.

1. Педагогикада теория менен практиканын байланыш жөнүндө эмнени билишибиз керек?
2. Теория менен практиканын ортосунда кандай айырма бар?
3. Мугалим үчүн теориянын мааниси эмнеде жана практика деген эмне?
4. Педагог үчүн жана анын ишмердүүлүгү үчүн эмне маанилүү: билимби же тажрыйбабы, теориябы же практикабы?

Орус улуу педагогу, жазуучу, коомдук ишмер, илимий педагогиканын негиздөөчүсү Константин Дмитриевич Ушинскийдин айткан бар, **"Теориясыз практика сокур, а практикасыз теория өлүк"-**деп

Бул жерде бир нерсе ачык-айкын: практикада алынган күнүмдүк билим илимий жактан негизделген, текшерилген жана далилденген теориялык билимдерден айырмаланат.

Ал эми азыркы мектеп окуучуларынын ааламдашуу процессинде ой жүгүртүүсүнүн терең өзгөрүүсү, билим берүү системасынын максаттуу багытын өзгөртүүгө, келечектеги мугалимдин чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө, коомдун суроо-талаптарына жооп берген жана инсандын өзүн-өзү таануусуна шарт түзүү бүгүнкү күндүн талабы.

Университетте билим берүүчү практикалык курстарга жетиштүү көңүл бурулбай, таза илимий дисциплиналарга көбүрөөк убакыт бөлүнөт.

Билимдүү адам, маалыматтуу адам катары кабылданат, бирок бул анын маданиятты көбөйтүү потенциалына ээ экендигин билдирбейт.

Андыктан сиздердин жооп, сунуш жана эскертүүлөрүңүздөрдү дыкаттык менен угуп, эске алабыз.

Бүгүнкү иш-чараны уюштурган Педагогика жана прикладдык информатика кафедрасынын прфессордук-окутуучу курамга студенттердин атынан терең ыраазычылык билдирем. Көңүл бургандарыңызга чоң рахмат

**“Ааламдашуу процессинде өз ара кызматташуунун актуалдуу көйгөлөрү: педагогдор – студенттер – ата-энелер” аттуу темадагы тегерек столдун**

**РЕЗОЛЮЦИЯСЫ**

Билим берүү, илим, теория жана практика контекстине жараша калыбына келтирүү, толуктоо, бөлүктөрдү бир бүтүнгө бириктирүү процессинин алкагында Кыргыз Республикасынын Билим берүү программаларын иш берүүчүлөр менен макулдашуу 2025-жыл.

**Тегерек столдун максаты:** “Педагогика жана Колдонмо информатика” багыттары боюнча бакалавриаттын негизги билим берүү программасынын (ООП) мазмунун ички жана тышкы кызыкдар тараптардын катышуусунда талкуулоого арналат. Ошондой эле мектептин тажрыйбасынан педагогикада теория менен практиканын өз ара аракеттенүүсүнүн көйгөйлөрүн жана ааламдашуу шартында жаш муундарды тарбиялоодо руханий-этиканын, каада-салттын ролунун маанисин талкуулоо.

**Тегерек столдо төмөнкү маселелер талкууланды:** Иш берүүчүлөрдүн сунуштарын эске алуу менен окуу натыйжаларын, кесиптик компетенцияларын көрсөтүү менен 550700 «Педагогика» багыты жана 710300 Колдонмо информатика боюнча бакалавриаттын негизги билим берүү программасынын (ООП) мазмунун иштеп чыгуу концепциясы.

Адистерди даярдоого жана жыйынтыктоочу квалификациялык иштердин темаларын түзүүгө иш берүүчүлөрдүн катышуусу; бул реалдуу түрдө кандай жол менен болушу мүмкүн; университет, кафедра жана потенциалдуу иш берүүчүлөр бул түшүнүккө эмнени киргизет, сыяктуу маселелер талкууланды;

Тегерек столдун ишине кафедранын кызматкерлери, илимдин өкүлдөрү, иш берүүчүлөр, ата-энелер, 2-3-курстун студенттери катышты.

Талкуунун жүрүшүндө төмөнкү сунуштар кабыл алынды:

550700 Педагогика (башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы профили) жана 710300 Колдонмо информатика багыттары боюнча негизги билим берүү программасын түзүү.

1- **Максат:** Педагогика жана кесиптик байланыш боюнча билим менен камсыз кылуу;

2- **Максат:** Педагогикалык чеберчиликти өздөштүрүүнүү, үзгүлтүксүз изилдөө, байкоо жүргүзүү, тажрыйбаны изилдөө, талдоо жана тыянак чыгаруу.

3- **Максат:** Бүтүрүүчүдө маданий-адеп-ахлактык баалуулуктарды, кесиптик-этикалык жоопкерчиликти, креатывдүү ой жүгүртүү, өзүн-өзү ишке ашыруу, өзүн-өзү тарбиялоо көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Окуунун натыйжалары**

1. Мугалим баланын көйгөйлөрүн талкуулаганды билиши керек жана окуучунун кызыкчылыгын эске алуу менен чечим кабыл алышы керек.
2. Заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен маалыматтарды иштеп чыгуу, талдоо жана чечмелөө жөндөмдүүлүгүнүн жогорку деңгээли.
3. Чыгармачыл ой жүгүртүү, өзүн-өзү өркүндөтүү, кесиптик жоопкерчилик көндүмдөрүн калыптандыруу.
4. Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы программасын ишке ашыруу боюнча ишти түзө билүү жөндөмүн калыптандыруу.
5. Командада иштей билүүсү (эл аралык, көп маданияттуу ж.б.у.с).
6. Социалдык адаптация көндүмдөрүн калыптандыруу

**П жана КИ кафедрасынын башчысы, п.и.к.** **Машанова А.С.**

**"Ааламдашуу процесинде өз ара кызматташуунун актуалдуу көйгөйлөрү:педагогдор-студенттер-ата-энелер"**

**аттуу темада өтүлүүчү тегерек столдун катышуучулардын тизмеси**

| № | Ф.И.О | Иштеген кызматы | колу |
|---|---|---|---|
| 1 | [illegible] [illegible]зада | үй кожейке | |
| 2 | Маматов Бакир | Кыр Б Б А | |
| 3 | Садирова Саадат | ата-эне. | |
| 4 | [illegible]нова Миргүл Ас | КНУ им. Ж. Б. | |
| 5 | Кал[illegible]ева А. Т | КГУ им. И. Арабаев | |
| 6 | [illegible] М.М | Фасилитатор [illegible] | |
| 7 | [illegible]ков К. Ч | КТМ ун | |
| 8 | [illegible]ова Ж. С. | ЭЖУ | |
| 9 | [illegible] Ж. А. | ЭЖУ | |
| 10 | [illegible]рова Ч | доцент ЭКУ | |
| 11 | [illegible]ова А. С. | зав. каф. "[illegible]" | |
| 12 | [illegible]кулбаева Г. Т | профессор. каф. "П и ПИ" | |
| 13 | [illegible] У. И. | ст. преп. кафедры | |
| 14 | Сарыбаева С. А. | ст. преп. каф. ПиПИ ЭКУ | |